КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ САДЫР
АКЕ АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезектеги 12-сессиясы**

# ТОКТОМ

**10-февраль 2023-жыл №74** **Григорьевка айылы**

**Садыр аке айыл аймагынын Жайыт комитетинин жайыт акыларын бекитүү жөнүндө**

Садыр аке айыл айыл аймагынын Жайыт комитенин жайыт акыларын бекитүү жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап Эл депутаттарынын Садыр аке айылдык Кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги 12- сессиясы **токтом кылат:**

1. Садыр аке айыл аймагынын жайыт комиттетиндеги крематордун иштешинин акылары төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - Эки камералуу крематордун иштешине күйүүчү майдын чыгымы:100 килограмм биокалдыка 33 литр күйүүчү май (солярка) жана генератордун иштешине 1 саатка 2,5 литр күйүүчү май (бензин) сарпталсын.
   - Жумушчуга биокалдыктарды өрттөгөнү үчүн кварталына 2500 сом эмгек акы төлөнүп берилсин.
   - Григорьевка айылынын тургундары өлгөн малдын өлүктөрүн крематорго алып баруута милдеттүү.
   - Токтомго баш ийбей малдын өлүктөрүн таштандыга, талаага же арыктарга ташталса ал ташталган малга жайыт комитет тарабынан айып 10000 (он) миң сом акча каражаты салынсын.
   - Кышкы, жазгы жана күзгү жайыттарга ИММ жана жылкы башына-15сом, МММ-6 сом 1 баш малга.
   - Жайкы жайытка ИММ жана жылкы башына 30 сом, МММ 15 сом 1 мал башына.
   - 2023-жылдын 1-ноябрына чейин жайыт пайдалануучулар тарабынан жайыт акылары төлөнбөсө, эки эсе айып салынат ИИМ жана жылкы башына 60 сом, МММ 30 1 мал башына айып төлөнөт.
   - Жайыт жерлерин башка максаттар менен колдонууга:антенага-7000 сом бир айга жана ошондой эле (чөп чабык, картошка, чеснок) 1 сотка жерге 30 сом.
   - Жайыт жерлердеги жер казынасын (карьер), (топурак, интертүү грунт) колдонуу үчүн 50 сомдон 100 сомго чейин авто унааанын түрүнө жараша алынсын.
   - Көлмөлөрдү башка максаттарда колдонгон айыл тургундары мурда түзүлгөн келишим аяктагандан кийин көлмөнүн бир метр суу тегиздигинен 10 сом төлөнөт.
2. Юстиция башкармалыгынан ушул токтомду мамлекеттик реестрге киргизип берүү жагы суралсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын жайыт комитетинин төрагасы П.Г. Жукка милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

**Жиберилди: Айыл өкмөткө-1, Облюстицияга -2, Жайыт комитетине-1, Каржы бөлүмүнө-1**